# ОКУТУУ СИСТЕМАСЫНДА ДИНИЙ САБАКТЫН ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ ЭМНЕДЕ?

Докт., доц. Режаи Доган*

## Киришүү

XIX кылымга чейин ар бир уюмдун борборунан орун алган дин, билим алуу уюмдарында да өзгөчө мааниге ээ болгон. Бирок мурдатан эле башталган пикир келишпестиктердин натыйжасы катары дин так билимдерден алынган жыйынтыктардын негизинде дин жана мамлекеттин, дин жана саясаттын, дин жана билимдин байланыштары, жашоо жана башкаруу системасы маданияттын бир бөлүгү экендигин көрөбүз.

Өткөн кылымда өкүм сүргөн бул дүйнөлүк көз караш төмөнкү эки нерсеге таянган:

1. Дин өз доорун аяктаган социалдык уюм; учурдагы коомдордун негизги мүнөзү диндердин ордуна рационалдык-илимий ой-жүгүртүүнүн (позитивизм) өкүм сүрүүсү.
2. Учурдагы коомдордун адеп-ахлактык жана жалпы баалуулуктар дүйнөсү динге эмес, илимге таянат.

Бирок өткөн кылымдагы жыйынтыктарга көз жүгүртсөк, тарыхый тажрыйбанын жана учурдагы дүйнөгө жаңыча көз караштын четке кагылышы төмөнкү нерсени көрсөтүүдө. Коомдор бир динден чыгып, башка системага өткөн жок, тескерисинче бир динден башка бир динге өтүшүп жатышат. Диний сезим эч качан өлбөйт. Анткени адамдардын өздөрүнүн ой-кыялында динге байланыштуу пайда болгон суроолор жана аларга сырткы дүйнөдөн изделген табигый жооптор бар. Ушул себептен өткөн кылымда өкүм сүргөн эки дүйнөлүк көз караштын ордуна төмөнкү эки негизги принцип колдонулган:

1. Дин-социалдык уюмдардын эң тамырлуусу жана универсалдуусу.
2. Жообу динден изделген суроолор же толтурулуусу керек болгон муктаждыктары универсалдуу, балким бул руханий боштукту толтуруу багытын же талкуулоолорун өзгөртө алабыз.

Батыш өлкөлөрүндө дин менен мамлекеттин, дин менен илимдин байланышынын оңойчулук менен курулбагандыгы[1], бир канча талаш-тартыштардан кийин жогорудагы эки принципке токтолгондугу байкалган. Бирок Батыш өлкөлөрүнүн эми диндин эмне кереги бар? жана диний билим

---

* Анкара университети, теология факультетинин окутуучусу

[1] Erich Feifel, "Grundlegung der Religionspaedagogik im Religionsbegriff", in: Klaus Wegenast, Religionspaedagogik, I том, Darmstadt 1981, 192-б.

берүүнүн зарылчылыгы эмнеде? деген суроолор, өзгөчө мектептерде, же болбосо окутуу системасында диний билим берүүнүн кереги барбы? диний билим берүүнү кандай жүргүзүү керек? деген суроолордун үстүндө ойлонуу бир канча убакытты талап кылгандыгын байкайбыз. Батышта диний билим берүү кандай абалда? Алардын диний билим берүү багытындагы изилдөөлөргө караганда ийгиликтерге жетишкендиги байкалган. Диний окутуу системасынын илимий изилдөөлөрү сапаттуу диний билимдин берилишине дин жана илимдин, дин жана мамлекеттин байланыштарын логикалык негизге таяндырып, муну менен бирге эле эркин билим берүүгө чоң салымдарын кошкон.

Окутуу системасында диний билим берүүнүн кереги эмне? Берилген суроонун түпкү тамырында диний билим берүүнүн, окутуунун зарылчылыгы, негизи жатат жана диндин индивид, коом жана бардык инсандар үчүн маңыздуу түшүнүк, маанилүү изилдөөлөргө муктаж болгон суроо болуп саналат. Бул суроого берилген жооп дин педагогикасын окутуунун негизин пайда кылган жана анын жалпы педагогикадан ордун табуусуна салымын кошкон.

Батышта дин педагогикасынын илим катары калыптанышында саясат, илим жана диндин ортосундагы байланыш оңойчулук менен түзүлбөгөн.[2] Тилекке каршы бул байланыш батыш өлкөлөрүнөн башка өлкөлөрдө же алардан 60-70-жыл кийин өтө кыйынчылык менен курулган мамлекеттерде да бул проблемалар азырга чейин уланууда, ал эми динге каршы бүтүндөй мамилелерин өзгөрткөн өлкөлөрдө бул байланыш жок. Советтер Союзунан бөлүнүп, жаңыдан эркиндигин жарыялаган түрк мамлекеттери сыяктуу өлкөлөрдө болсо динге каршы мамилелердин жогорулап жаткандыгын сапаттуу диний түзүлүштүн жана аты аталган өлкөлөрдө жогоруда айтылган проблемаларга жол бербөө үчүн мектептерде диний билим берүүнүн шартка ылайык сапаттуу, илимий негиздерге таянып берилүүсүнө муктаждык пайда болууда. Ошондуктан дин педагогика илиминин жана диний билим берүүнүн сапаттуу негиздерге таянылып берилиши зарыл.

Мындай негиз алуунун максаты, дин педагогикасынын окутуунун жалпы педагогикадагы орду тууралуундагы талаш-тартыштарга түшүндүрмө берген жана кабылданышы үчүн илимий далилдерге таянат. Өзгөчө эркиндигин жаңы эле жарыялаган түрк мамлекеттеринде диний билим берүү багытында илимий изилдөө жүргүзгөн ишмерлердин сапаттуу диний билим берүү тууралуундагы изилдөөлөрүнөн өтпөстөн, изилдөөлөрдү негиз кылып алуунун керектүүлүгү жөнүндө кеңири маалымат алууга умтулууда.

Бул макала дин сабагынын мектептерде башка предметтердей эле тең укукка ээ болуп жана өз ордун сактап, башкача айтканда мектептерде дин сабагынын зарылчылыгы эмнеде? деген суроого жообун төмөнкүдөй эки суроонун айланасында берүүгө аракеттенет.

1. Дин сабагы мектептин жалпы билим берүү системасынын максатына жетүүсү үчүн кандай салымдарды кошо алат? 2. Бул салым канчалык даражада керектүү жана зарыл?

1. Мектептин милдети коомдун көп максаттуу өзгөчөлүгүн жокко чыгарып, аны байкоосуздуктан келүү жана идеология сыяктуу эскертүү методдоруна төп келбейт. Мектеп диний жүрүм-турумдар менен чектелбейт, буга жооптуу да эмес. Ал көп максаттуу коомдордун мектептерине ылайык болгон, идеологиялык билим берүү максатында эмес, окуучуларды чындыкка

---

[2] Караңыз: Joseph Engert, "Ьber die Wissenschaftliche Grundlegung der Religionspaedagogik", in: Klaus Wegenast, Religionspaedagoik, II том, Darmstadt 1981, 34-б.

жеткирүүнү максат кылган билим берүү болуп саналат. Бул системада мектеп окуучуларын ислам дининин алып келген дүйнөлүк көз карашынын негизги принциптери менен тааныштыруу, аларга чындыктын диний багыттан кандайча чечмеленгендиги жөнүндө маалымат берүүгө мажбур. Мектеп, динге байланыштуу суроолорго жооп берүү менен иш жүргүзө албайт, ошондой эле өз алдынча же башка адистер тарабынан да жооп берилбейт. Коомдук саясатта дин сабагы, мектепте коомдун шарттарына ылайык берилиши керек.[3]

2. Бул салымдын канчалык даражада керектүү же адамзаттан ажырагыс болушу эле. Диндин жалпы педагогикадагы орду менен, мектепте мындай тартиптин (дисциплинанын) сакталбашы милдеттин так аткарылбай калышында 6 негизги принципти колго алсак болот. Бул негизги принцип учурда дин педагогикасынын жана окутуунун негиздеринен болуп саналат.[4]

1. Адамдык негиз.

Дин педагогикасын жана окутууну негиз кылып алууда адам баласынан баштоо керек. Анткени айтылган билим алуу инсанга тиешелүү. Бирок мындай билим алууга муктаждыгы барбы?

Бул маселеге таалим-тарбия түшүнүгүнөн багыт ала турган болсок төмөнкүдөй жыйынтык чыгарсак болот. Кандай гана түшүнүккө таянса да, бардык билим берүү системасында жана философиясында, педагогикадагы милдеттердин башында, индивиддердин бардык жөндөмдүүлүктөрүн таап өстүрүү, негизги сезим жана муктаждыктарын камсыздоо керек. Башкалар тарабынан, күнүбүздөгү педагогика жана мектеп теориялары, мектептин жана педагогиканын негизги максаттарынын бири эгемендүүлүк, өзүн өзү калыптандыруу жана адамдык жакшы сапаттар менен мурдатан таанышууда.[5]

Педагогика менен дин педагогикасынын укугу инсанды негиз алууларына "билим алуу укугу" сөзүнүн тегерегинде жакындашууга мүмкүн. Белгилүү болгондой инсандын эң негизги укуктарынын бири анын билим алууга болгон укугу. Мунун тегерегинде инсандын "диний билим алууга болгон укугу" барбы? Же болбосо дин, башкача айтканда диний билим берүүнүн четке кагылышы жашоодо негизги проблемалардын чыгышына себепчи болбогон маанисиз нерсеби? Бул суроолорго берилген жооптор шартка жараша жана адамдын көз карашы боюнча өзгөрүшү мүмкүн. Диндин жашоодогу эң жогорку деңгээлге жеткиришине ишенген адам мындай деген: "Инсан өзүн кантип кардан, жамгырдан кантип коргоо үчүн чатырга ээ болуу укугу болсо, ошол эле учурда бир динге жана ал динди туура кабылдоо үчүн диний билим алууга да укугу бар."

Маселеге инсан менен дин байланышы жаатынан жакындасак, инсандын дин менен табигый чындыкка байланышкандыгына туш болобуз. Бул чындыктан кийин инсандын өзү жөнүндөгү, бар болушунун, жашоосунун маанилүүлүгүн издеген суроолорго жооп берүүдө диний булактарды колдонуунун зарылчылыгы бар экендигин айта кетүү абзел. Булар инсандын метафизикага байланышкан

---

[3] Beyza Bilgin, Epitim Bilimi ve Din Epitimi, Gьn Yayэнсэлэк, Ankara 1998, 67-68-б.

[4] Бул алты негиз жөнүдө Жемал Тосун жана Бейза Билгин мурда жүргүзгөн изилдөөлөрүнөн пайдаландык. Караңыз: Bilgin, a.a.a., 67-69-б.; Cemal Tosun, Din Epitimi Bilimine Giriş, басууга бериле элек.

[5] Караңыз: Josef Hepp, "Begründung des Religionsunterricht", in: Fritz Weidmann, Didaktikdes Religionsunterricht, Donauwörth 1979, 51-á.

суроолору жана аларга так жоопторду динден бере алабыз. Белгилей кетүүчү нерсе бул багытта жообу изделген маселе жалгыз аң-сезимге тиешелүү болгон, ыйманга байланышкан маселелер эмес. Булардын катарында илимий көлөм жана активдүүлүк бар.[6] Диний окутуу мектеп жашынан баштап инсандын өмүрүнүн аягына чейин уланат, каерден, каерге, эмне үчүн, кандай сыяктуу жооп издеген суроолорго жоп берүүдө жардамчы болот.

Антропологиялык жана психологиялык изилдөөлөр, өзгөчө дин психологиясынын изилдөөлөрү ишенимдин жана диний сезимин ар бир инсанда жаратылышынан бар экендигин далилдеген. Бул иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча диний сезим инсанда туулгандан, табиятынан берилет жана жашоого таандык болгон жөндөмдүүлүк, муктаждык болуп эсептелет. Жөндөмдүүлүк дегенде, ар бир адам туулгандан, сыйкырдуу күчкө ишенүүгө же моюн сунууга жөндөмдүү. Муктаждык болсо, ар бир инсан туулгандан баштап ээ болгон жөндөмдүүлүгүн, ишенимге байланышкан сезимдерин өркүндөтүү жолдорун изденет.

Адамдын бул сезими эч бир убакта жок болбойт, бирок толук эмес жана туура эмес өсүп-өнүгүшү мүмкүн. Бул эң негизги маанилүү нерсе. Педагогикага тиешелүү милдет бул руханий боштуктун толук эмес жана туура эмес толтурулушуна жол бербейт. Айрыкча педагогикада негизги нерсе индивиддин физикалык жана нравалык бардык жөндөмдүүлүктөрүнүн жана муктаждыктарынын өз каалоосу менен зордук-зомбулуксуз толтурулуп өсүп-өнүгүшү керек. Мындай учурда ишеним сыяктуу негизги сезимди жана муктаждыкты, башка сезимдердин жана муктаждыктардын көмүскөсүнө таштоо же эч кандай байкоо жүргүзбөө туура эмес. Дин педагогикасынан жана окутуусунан биз күткөн нерсе, адамдардын ишеним муктаждыктарын туура маалыматтар менен толукталышына жардамчы болуу.[7]

2. Коомдук негиз.

Дин педагогикасынын кереги эмне? деген суроого коомдук көз караш боюнча жакындаганда маанилүү негизге туш келебиз. Бардык нерседен мурда инсан коомдук түзүлүш. Таалим-тарбиядагы негизги милдеттердин бири жаңы өсүп-өнүп келе жаткан муундарды коомго ылайыкташтыруу болуп саналат. Бул ошол эле учурда прагматикалык милдет.[8]

Коомго ылайыкташтыруу, кыскача айтканда индивиддин өзү жашаган коомго баш ийүүсүн коргоо деп аныктама берсек болот. Анда, педагогиканын максаты индивиддерди коомго ылайыкташтыруу милдети, бул ишти жүзөгө ашырууга жардамчы болуу деген түшүнүк алып келет.

Сапаттуу коомдун түзүлүшүндө материалдык элементтер менен бирге моралдык элементтердин да сапаттуу фундаменти болушу керек.

Дин жеке адамдык болуу менен коомдук муктаждык жана акыйкаттык. Анткени дин индивид менен индивид, индивид менен коом жана коомдордун ортосундагы байланыштарга жогорку деңгээлде өз таасирин тийгизүүдө. Кыймыл аракет жана байкоо эрежелеринен адеп-ахлак эрежелерине чейин,

---

[6] Gottfried Adam, Rainer Lachmann, "Begrьndung des Schulischen Religionsunterricht", in: G. Adam, Lachmann, Religionspaedagogisches Kompendium, Guttingen 1986, 69-70-б.

[7] Караңыз: Bilgin, a.a.a., 68-б.; Tosun, a.a.a., 41-б.

[8] Adam -Lachman, а.а.м., 68-б.

коомдук жашоону кызыктырган бир канча маселеде белгилөөчү элементтердин бири дин жана диний адеп-ахлактык традиция.

Коомдошуу, бир коомго таандык болгон бардык кыймыл-аракеттерди, эрежелерди билүү жана жактыруу деген түшүнүктү билдирет. Муну коргоо милдети таалим-тарбияга таандык. Дин, коомдук жүрүм-турум эрежелери тууралында өтө маанилүү, белгилөөчү орунда болгондуктан, индивиддердин коомго баш ийүүлөрүнө жардамчы болуу максатында таалим-тарбиянын көрсөткөн жана жактырган жагдайларынын арасында дин да мажбур түрдө өз ордун табат. Анткени мамиле жана байкоо эрежелеринин булагы билинмейинче жактырылышы кыйындайт. Бул болсо алгач муундар ортосундагы кагылышуулардын болушу менен түрдүү коомдук бытырандылыктардын чыгышына себепчи болот. Бул багыттан байкоо жүргүзүлгөндө динди окутуу инсандын коомдошуусуна 2 негизги багыттан жардам бере алат. Биринчи, диний тоскоолдуктарга катышууну каалагандарга керектүү жүрүм-турумдарды үйрөнүү, даяр болууга тарбиялоо болуп саналат. Коомдо динди жеткиликтүү өлчөмдө үйрөнүүгө ээ болбогондуктан, алгач ибадаттар болуу менен түрдүү диний иштерди орундата албаган жана мунун натыйжасында кыйынчылыкка дуушар болгон, туура эмес иштерге барган жана ошондой эле башка бирөөлөрдүн башкаруусу алдында болгон инсандарды көрүүгө болот. Дин педагогикасы жана аны окутуу буга окшогон кемчиликтерди жоюп, адамга негизги жардамын бере алат. Экинчиден болсо, мындай диний активдүүлүккө катышпагандарга, башкалар тарабынан жасалган активдүүлүктөрдү түшүнүү жана аларды оң баалоо күчүнө ээ болуу керек. Мындай жардамдын коомдук тынчтыктын сакталышына кошкон салымын четке кагуу мүмкүн эмес. Бул эки ийгилик, индивиддердин диний көз караштан башкалардын жаман ниеттүү иш-аракеттерине тоскоолдук кылууда оң ролду ойнойт.[9]

3. **Маданий негиз.**

Диний таалим-тарбиянын жана окутуунун белгилүү негиздеринин бири маданий багытта иш алып баруу. Таалим-тарбияга байланыштуу аныктама жана түшүндүрмөлөргө караганда "маданиятташтыруу" түшүнүгүнүн өтө көп колдонулгандыгы белгилүү. Кээ бир жерлерде таалим-тарбия "маданиятташтыруу" деп айтылат, кээде таалим-тарбиянын максаты маданиятташтыруу болгондугун баса белгилейт . Башка бир багыттагы жакындашууларда адам маданияттын үрөнү болуп, бирок ошол эле мезгилде маданиятты пайда кылган бытие катары түшүндүрөт. Кайсы гана багытта байкоо жүргүзүлбөсүн адамдын таалим-тарбиясы менен маданиятынын ортосунда бөлүнгүс байланыш бар. Бул байланышты "маданият" түшүнүгүнүн айланасында топтоого болот. Маданиятташтыруу материалдык жана моралдык маданий мурастардын кийинки жаңы муундарга өткөрүлүп берилишинин жана муну өткөрүүчү жөндөмдүүлүктүн жана идеалардын пайда болушун өз ичинде камтыйт.

Билим берүү менен диндин ортосунда да байланыш бар. Педагогиканын эң көп айтылган аныктамаларынын бири ар бир коомдо өткөндөн калган маданий мурастардын өнүгүүгө тоскоолдук бербеген бөлүгүн жаңы муундарга өткөрүү

---

[9] Bilgin, a.a.a., s.68; Tosun, a.a.a., 42-б.

болуп саналат. Ар бир коомдун маданий мурастарынын ичинде диний билимдердин бөлүктөрү да бар.[10]

Эч бир адам жана муун жашоону нолдон баштабайт. Бардык мезгилдер көп багыттуу болуп өткөнгө, тарыхка тиешелүү. Адам бул негиздерге таянган мурастарынын негизинде жаралууда, алгач анын адамдык болуп жана аны өзгөртүү кыймыл аракетинде боло алат. Бул түшүнүктө адам маданияттын түзүүчүсү, ошондой эле негиздөөчүсү. Маданияттын негизинде жаңыланган, өнүккөн адам маданиятты жаңылайт, өнүктүрөт.[11] Ошентип бул мурастын негизинде дин да өз ордуна ээ. Андай болсо билим берүү жана мектеп, маданиятташтыруу милдетин орундатууда динди жана диний традицияны окутуу системасына тема иретинде киргизүүгө мажбур.[12]

Дин бир улуттун жана коомдун ордун белгилөөчү элемент. Дин тил жана тарыхтай эле маданияттын негизги бир бөлүгү. Мындан башка дин башка маданиятка таасир кылуучу өзгөчөлүккө ээ. Дин жеке адамдык жүрүм-турумдарга, үрп-адаттарга жана искусствого чейин бүгүн ар бир коомдо өзүнүн чөйрөсүнүн сыртында эң таасирлүү маданияттын бир элементи болуп келген.[13]

Тилде, тарыхта, искусстводо, үрп-адаттарда диндин таасирлерин эсепке албоо дайыма мүмкүн. Абал мындай болгондо, ислам дини болуу менен ошол эле учурда түрк маданиятынын негизинде жаткан белгилүү маданият булагын коруудa. Мунун акыры түрк-ислам тарыхы, искусствосу, архитектурасы, укугу жана башка бөлүмдөрдүн сапаттуу жана адистер тарабынан эл катмарына үйрөтүлүүсүн мажбурлоодо. Ошондуктан ислам окуусунун жалгыз гана теология, тефсир, ислам укугу, хадис сыяктуу диний бөлүмдөрүнөн тургандыгын түшүнүү, бүгүнкү күндүн илимий жетишкендиктерине ылайык келбейт. Бул окутуу тарыхты да жана учурдагы исламды да өз ичине камтуусу керек.[14] Ушундай болгондо гана билим берүү диний жана маданият элементи болуп, муну менен бирге башка маданият элементтерине таасир кылган фактор катары үйрөтүү абалына жетет. Мунун акыры болсо маданий жактан бейтааныштыкка чейин алып барат.

4. Дүйнөлүк негиз.

Диний таалим-тарбия жана окутуу, дүйнөлүк көз караш менен караганда да мажбурлоо катары көрүлөт. Индивиддер, коомдор, улуттар жана мамлекеттер дүйнөлүк элементтер болуп эсептелет. Буларды бүт дүйнөдөн абстракташтырып, жеке өзүнчө түшүнүү акыйкаттык эмес. Байланыш түйүндөрүндөгү өтө тез өнүгүүлөрдүн натыйжасында инсандар жана улуттар аз убакыттын ичинде бир жерде жашай билүү абалына келишкен.

Бул өнүгүүлөр дин педагогикасын жана окутуусунун дүйнөлүк масштабда түшүнүүгө түртүүдө. Башка адамдар менен байланыш кура билүү, аларды

---

[10] Hasan Ali Koçer, "Din Eğitiminin Bütünlüğü İçinde Din Eğitiminin Yeri", Türkiye I. Din Eğitimi Semineri (23-25 Nisan 1981), A.Ü. İlahiyat Vakfı Yayınları:1 , Ankara 1981, 19-á.

[11] Beyza Bilgin, "Din Eğitiminin Genel Eğitimdeki Yeri", Ankara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi, Ankara 1981, XXIV òîì, 469-á.

[12] Бул тема боюнча маалмат үчүн караңыз: Adam-Lachmann, a.a..m., 67-б.

[13] Караңыз: Abdurrahman Küçük, "İlk Okullarda Din Eğitimi ve Öğretimi", Türkiye I. Din Eğitimi Semineri (23-24 Nisan 1981), İlahiyat Vakfı Yayınları:1 , Ankara 1981, 125-á.

[14] Караңыз: Salih Tup, "Türkiye Din Eğitiminin Sosyal ve Hukukî Bazı Dayanakları", Türkiye I. Din Eğitimi Semineri (23-25 Nisan 1981), İlahiyat Vakfı Yayınları:1, Ankara 1981, 178-179-á.

түшүнө билүү, алар ээ болгон жана жүрүм-турумдарына багыт берген баалуулуктарын таануу менен орундалат. Бул болсо байланыш курган адамдын диний, адеп-ахлактык жана маданият жөнүндө маалымат алууну шарт коюуда.[15]

Бул багыттагы өнүгүүлөр, акыркы жылдарда батышта маданияттар аралык, диндер аралык билим берүү сыяктуу жаңы адистиктердин пайда болушуна себепчи болгон. Бул адистердин максаты түрдүү маданияттардагы адамдардын бир жерде кантип бактылуу жашай алышкандыгын изилдеп, талдоолорду сунуш кылуу.[16]

Бирок маданияттар жана диндер аралык таалим-тарбияда алгачкы принцип, ар бир адам эң биринчи өзүнүн динин жакшы билүүсү керек. Анткени, өз динин билбеген жана ага урмат-сый көрсөтпөгөн адам, башкалардын динин жана андан пайда болгон жүрүм-турумдарын түшүнө билүүсүндө кыйынчылыктарга дуушар болот.

5. Философиялык негиз.

Ар бир улуттук билим берүү системасынын максаты өзү каалаган инсанды калыптандыруу. Бул каалоо улуттук билим берүү системасынын түр жана мазмун катары белгиленишинде негизги ролду ойнойт. Муну улуттук билим берүү саясаты деп аташат.

Билим берүү саясатынын негизинде ошол улут жана маданият ээ болгон баалуулуктардын ролу чоң. Өзгөчө тандалган метод түшүнүктөрү бул темада негизинен белгилөөчү мааниге ээ. Социалисттик же коммунисттик метод, улуттук билим берүү саясатын, бул көз карашты коргоп өнүктүргөн муундарды тарбиялоо максатында маңыз жана түр берет; демократиялык метод ошол эле максатта, өзүнүн бар экендигин (жашагандыгын) жана улануусун түшүндүрөт. Бул жагдай билим берүү саясатынын жана философиясынын белгиленишинде ушунчалык таасирлүү, билим берүү жана окутуу темасында берилген аныктамаларды да таасирлендирген.[17]

Ар бир өлкөнүн билим берүү саясатынын ичинде индивиддердин физикалык жана аң-сезими менен бирге адеп-ахлак, рух жана сезимдери тең салмактуу жана сапаттуу өнүккөн кишиликке ээ адамдардын калыптанышы орун алат. Мисалы, Кыргызстандын Конституциясында орун алган түшүнүктөр Кыргызстандагы улуттук билим берүүнүн максатынын ичинде "адеп-ахлактуу индивидди калыптандыруу" баяндалган, "жаш мусулмандарды ыймандуу кылып тарбиялоо зарыл болгондуктан мектептерде ыйман, адеп-ахлак сабактары мүмкүнчүлүккө ылайык берилген. Окутуучулар жергиликтүү билим берүү органдары тарабынан дайындалышы керек."[18]

Улуттук билим берүү системасынын кеңири максаттарынын бири бул иш-чараларды жүзөгө ашыруу, жалпысынан системанын ичинен орун алган бардык мектептер менен ачык окутуу мекемелеринин жана бул мектеп жана уюмдарда окутулуп жаткан предметтердин милдети. Бул пунктта дин жана адеп-ахлакты

---

[15] Bilgin, a.a.a., 68-б.; Tosun, a.a.a., 43-б.

[16] Бул тема боюнча эки маанилүү илимий иш бар: Johannes Laehnemann (Hrsg), Das Projekt Weltethos in der Erziehung, Hamburg 1995; Gыther Gebhardt, Friedenserziehung in religiцsen Friedensbewegungen, Hamburg 1994.

[17] Караңыз: İhsan Kurt, "Bir Toplumun Eğitim Felsefesinin Oluşmasında Din ve Ahlakın Etkisi", Din Öğretimi Dergisi, 35-саны, Temmuz-Ağustos 1992, 30-34-á.

[18] Кыргыз Республикасынын Конституциясы.

окутуунун зарылчылыгы өзүнөн-өзү пайда болууда жана окутуунун философиясы жана саясатынын ичинен орун алууда. Анткени бир улутта индивиддердин ээ болууга тийиш болгон ахлактуулук өзгөчөлүктөрүн калыптандырууда жардамы зор, же болбосо булардын бардыгы дин жана адеп-ахлак предметтеринин натыйжасында ишке ашат. Бир улутка таандык улуттук, адеп-ахлактык, инсандык, моралдык жана маданий баалуулуктарын динден бөлүп кароо канчалык даражада мүмкүн? Адамдын диний сезими жана муктаждыктарын туура жана сапаттуу толтуруу, адеп-ахлак, рух жана сезим жагынан тең салмактуу жана сапаттуу өсүп өнүгүшүндө ийигиликке жетишүү канчалык деңгээлде мүмкүн? Башка тараптан ойлогон максаттарына жетпеген билим берүү системасы тарабынан калыптанган муундардын канчалык деңгээлде билим алгандыгын изилдөө керек.

## 6. Укуктук негиз

Диний билим берүүнүн жана окутуунун укуктук негиздерин бир канча пунктта топтоого мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы:

Кыргыз Республикасынын Конституциясында дин, нрава эркиндиги, диний уюмдашуу, диний билим берүү жана окутуу укуктары жөнгө салынган. 1993-жылкы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-статьясынын 2-пунктунда төмөндөгүдөй жазылган:

Кыргыз Республикасында жашаган ар бир адам динге ишенүү, диний үрп-адат жана каада салттарын колдонуу эркиндигине ээ.

1991-жылы кабыл алынган эркин диний уюм тууpасындагы укуктун 5-статьясында динге болгон мамиле жана дин менен саясат байланышы төмөнкүдөй белгиленген:

Диний уюмдар мамлекеттен бөлүнгөн. Диний уюмдар мыйзамга каршы иш жасабаса, мамлекет алардын иштерине кийлигишпейт. Кандайдыр бир ишенимдин башка диний ишенимдерден дагы пайдалуу же чектелишине укук уруксат бере албайт.

Бул укуктун 2-статьясында ишеним жана ибадат укугу төмөнкүдөй белгиленген:

Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен гарантиялангандай ар бир мекендештердин дин тутуу, анын буйруктарын орундатуу эркиндигине ээ. Башка динге өтүп кетүүдө дин таанабайт.

Ата-эне балдарын өзү тутунган динге ылайык тарбиялай алат. Диний үгүт же атеисттик пропагандага зордук менен киргизилбейт.

Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-статьясында болсо диний билим берүү жана окутуу темасына төмөнкүдөй токтолгон. Мектеп диний уюмдардан бөлүнгөн. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик окутуу системасы да диний уюмдардан бөлүнгөн. Бирок мекендештер кандай гана нерсе болбосун диний таалим-тарбия алуу укугуна ээ. Мекендештер диндерин үйрөнүү үчүн өзү жалгыз же башка адамдар менен бирге өзү каалаган тилде диний билим алат. Белгиленген түрдө уставы расмий каттодон өткөн бардык диний уюмдар өздөрү белгилеген шарттарда балдарга жана жаштарга диний таалим-тарбия берүү үчүн мектеп ача алат. Жаш муундарды ыймандуу кылып өстүрүү зарыл болгондуктан мектептерде ыйман, адеп жана адеп-ахлак сабактары бардык мүмкүнчүлүккө

ылайык берилүүсү зарыл. Окутуучулар жергиликтүү элге билим берген органдар тарабынан дайындалат.[19]

Жогоруда белгилүү болгондой Кыргыз Республикасынын Конституциясы жеке жана расмий мектептерде индивиддердин диний билим алуусуна жана үйрөнүүсүнө укукка ылайык мүмкүнчүлүк түзүп берген.

Эл аралык келишимдер: Дүйнөлүк адам укуктарынын баяндамасынын (10-декабрь 1948) 18-статьясы, баяндамага кол койгон мамлекеттерге диний билим алуу эркиндигин жана укугун таануусуна буйрук кылат. Муну менен бирге бул маселеде мойнуна жүктөлгөн милдеттерди аткаруусун каалайт. Статьяда төмөндөгүчө айтылган.

"Ар бир адам ой-жүгүртүү, ыйман жана диний эркиндик укугуна ээ. Бул укук динин жана ишенимин өзгөртүүнү да өз ичине камтыйт. Ошол эле учурда бул укук, динин жана ишенимин өз алдынча же группалык түрдө, атайын же ачык түрдө окутуу, уюштуруу, ибадат жана майрам түрүндө көрсөтүүсүн да камтыйт.

Европа адам укуктарынын жана негизги эркиндиктин корголушуна байланышкан келишимдин 9-статьясында төмөндөгүдөй баяндалган: "Ар бир адам ой-жүгүртүү, ыйман жана дин эркиндигине ээ. Бул укук дин же ишенимин өзгөртүү, ачык же болбосо жабык түрдө ибадат жана диний каада салт же билим берүү; өз алдынча же группалык түрдө диний ишенимин белгилөө эркиндигин өз ичине камтыйт.

Европа Парламентардык Кеңешинин чогулушунда 12/4572/1202/1993 номерлүү буйругунда болсо "демократиялык коомдо диний толеранттуулукка таандык" темасы менен дин жана диний билим берүү жөнүндө негизинен төмөнкүлөр баяндалган.

3-статья. Дин адамдын өзү менен, кудайы менен, сырткы дүйнөсү менен жана жашаган коом менен болгон байланышын чыңдоо түшүнүгүн камтыйт.

7-статья. Бир канча өлкөдө чет элдик душманчылыктын, рассанын жана диний айырмачылыктын пайда болушу кооптонуу менен аныкталган.

8-статья. Диний мотивдер тез-тез дүйнөлүк масштабда коомдук жана этникалык келишпестиктерди күчөтүү үчүн колдонулууда.

9-статья. Бүгүнкү Европада ачык-айкын түрдө баалуулуктардын кагылышуулары (же болбосо баалуулуктардын чөгүшү) жаралууда. Жалгыз гана керектөөгө жана коомдук жоопкерчилик аң-сезиминин түзүлүшүндө коммунизм сыяктуу зыяндуу. Бирок альтернативдүү болуп динге кайрадан кайтуу демократия жана адам укуктары менен уюмдуу болуусу керек.

10-статья. Бүгүнкү жана келечектеги коомдук багыттар жана көп маданияттуу коомдордун күчөгөн эзүүсүн эске алып, диний толеранттуулукка керектүү чара көрүүгө бүгүнкү күнгө чейин алгылыктуу иш жүргүзүлбөгөн.

11-статья. Үч чоң бир кудайдуу динде да толеранттулуктун жана түрдүү ишенимдерге карата сый-урматтын негиздерин табууга болот. Ар бир адам Кудай тарабынан жаратылгандыгы кабыл алынгандыктан дүйнөлүк көз караштар ар кандай болсо да бирдей урматка жана тең укукка ылайык деп табылган.

12-статья. Диндер аралык толеранттуулук маселеси дагы да өнүктүрүлгөн. Бир кудайдуу үч дин да, принциптериндеги адеп-ахлактык баалуулуктарында

---

[19] Кыргыз Рыспубликасынын Конституциясы

негизги өлчөмдө окшоштуктарды көрсөтүүдө жана өз ара толеранттуулукту колдоону негиз кылып чоң өлчөмдө колдоо көрсөтүлүүсү жана күчөшү керек.

13-статья. Европа тарыхы, еврей, христиан жана ислам маданиятынын өз ара урмат жана толеранттуулукка таянган кызматташтыгы мамлекеттердин жыргалчылыгын жогорулаткандыгын көрсөткөн.

14-статья. Жалпы адам укуктарынын баяндамасынын 18-статьясында жана Европа адам укуктарынын келишиминин 9-статьясында гарантияланган дин эркиндиги жандануусу керек. Бул эркиндик негиздерин адамга урмат-сый көрсөтүүдөн баштайт жана мунун колдонулушу ар бир демократиялык коомдун түзүлүшүн коргойт.

15-статья. Секулярдык мамлекеттин граждандарын эч бир убакта ишенимге байланышкан милдеттерди иш жүзүнө ашырууга мажбурлабайт. Мамлекет мыйзамга ылайык таанылган бардык диний жамааттардын кадыр-баркын жогорулатып, коомдун бардык катмарларында колдоого ээ болуусу керек.

16-статья. Кеңеш: Министрлер комитетине, мүчө мамлекеттердин өкмөттөрүнө, Европа коомчулугуна жана жооптуу жайларга жана кызматтарга, төмөндө айтылгандарды мыйзам катары гарантияланып корголушуна, териштирип турууга кеңеш берет.

а) Дин эркиндигин, ыйман эркиндигин жана диний ишеним эркиндигин негиз салуу өзгөчө кеңештин (1086) (1988) 10-параграфтагы баяндалган укуктардын корголушуна байланышкан насаат.

б) Түрдүү диний салттарды (мисалы; кийимде, тамак-ашта жана майрамдарда) уюштурууда, оңойлоштурууга макулдук көрсөтүү.

в) Дин жана адеп-ахлак сабактарынын жалпы окуу предметтеринин арасынан орун алышын жана окуу китептеринде (тарых китептери менен бирге) түрдүү тармактардан диндин тыкандык менен аракет кылышын, ошол эле учурда окуу предметтеринде түрдүү диндердин жакшы жана толук таанылуусун камсыз кылуу.

д) Өзүнүн диний жана адеп-ахлактык баалуулуктары жөнүндө негизги маалыматтарга ээ болушун, чыныгы толеранттуулук үчүн шарт болгондой, индивидди көз кыйыгынан сактоодон жана жаман ойдо болуудан коргогондугу өзгөчө белгиленген.

е) Теологдордон, тарыхчылардан жана ойчулдардан турган комиссия курулуп, окуу китептерин дин тарыхынын көз карашы боюнча колго алып, негизги тексттерди, документтерди жана талкууларды окуу предметтери үчүн даярдоо.

ж) Жаш адамдарга түрдүү диндерге ээ адамдардын пикирлери жана турмуш ыкмасын, диндердин ортосунда жашаган толеранттуулукту практика жүзүндө сунуш кылуу.

з) Алмашуу жана таанышуу программаларынын айланасында окуучуларга жана жаштарга жолугушуу жана башка ишенимде болгондор менен диалог куруу мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу.

к) Диндердин бири-бирин түшүнүүлөрүн сактоо жана мындан тынчтыкка жана адам укуктарына урмат көрсөтүүдө салымын кошкон диндер аралык диалог жана жолугушуу, ошол эле учурда мындай мекемелерди колдоо.

л) Расмий түрдө кабыл алынган ар бир диндин өз диний мектептерин жана буга окшогон мекемелердин курулушуна мүмкүнчүлүк түзүп берүү.

м) Маданий этникалык программалардын тегерегинде диний темаларга пландарды өз тартиби менен түзүү.

Жогоруда айтылган 6 негизги принциптин катарында дин сабагы мектепте анын критикалык өзгөчөлүгү жагынан пайдалуу боло алат. Түрдүү философиялык көз караштар жана идеологиялар, инсандын бар экендиги, келечеги жана бактылуулугу менен байланышкан талаш-тартыштарды жүргүзүүдө диндин чечмелениши бир мүмкүнчүлүк катары алардын жанынан орун алып, сынга алына турган темасы боло тургандыгын ортого салат. Ошентип келечектин дагы да кандай болоору билинбей калышы, ага болгон көз караштардын жана ага болгон талкуулоолордун жүргүзүлбөшү чындыкты пайда кылып, талаш-тартыш темасы болуу менен жаңы муундардын ой-жүгүртүүсүнүн кең болушу, алардын бул темада ой жүгүртүп, салым кошо тургандыгы белгиленген.

Акырында жогоруда түшүндүрүүгө аракеттенген себептерден улам бекитилген окутуу системасында башка предметтердин арасынан дин сабагына да орун берилиши керек. Муну кандайча, кантип жүзөгө ашырууну ар бир өлкө өзүнүн шарттарына ылайык белгилейт.